КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №144 Оргочор айылы

**Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата «Мыкты айыл», «Мыкты көчө» жана «Мыкты мекеме» кароо-сынагынын жобосун бекитүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңешинин социалдык маселелер. Маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Молдокматованын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүн жогорку деңгээлде белгилөө, айылдарды жана көчөлөрдү көрктөндүрүү, жашылдандыруу, санитардык абалын жакшыртуу, ошондой эле мекеме-уюмдардын ишмердүүлүгүн жандандыруу жана калк арасында ынтымакты чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата өткөрүлүүчү «Мыкты айыл», «Мыкты көчө» жана «Мыкты мекеме» наамдарын ыйгаруу боюнча Жобо 1,2,3-тиркемелерге ылайык бекитилсин.
2. «Мыкты айыл», «Мыкты көчө» жана «Мыкты мекеме» кароо-сынагы жөнүндө жобосу 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. **Оргочор айыл өкмөтүнө:**
   - Кароо-сынактын жыйынтыгын чыгаруу боюнча жумушчу комиссиянын курамы түзүлүп бекитилсин;
   - Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоого керектелүүчү финансылык каражаттар жергиликтүү бюджеттин эсебинен бөлүнүп берилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жоопту катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков

**1-тиркеме**
**Оргочор жергиликтүү кеңештин 2026-жылдын**
**30-июлундагы №144**
**токтому менен бекитилген**

**Оргочор айыл аймагынын айыл окмоту боюнча айылдардын ичиндеги кочолордун «Мыкты көчө» наамдарын ыйгаруу жөнүндө**
**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо шаардык аймактагы көчөлөрдүн санитарлык абалын жакшыртуу, айлана-чөйрөнү коргоо жана калк арасында тазалык маданиятын жогорулатуу максатында иштелип чыккан.
1.2. Жобо айыл өкмөтүнүн жана көчө тургундарынын биргелешкен аракетин жөнгө салат.

**2. Санитарлык талаптар жана критерийлер**

2.1. Ар бир турак үй ээси жана көчө тургундары төмөндөгү санитарлык нормаларды сактоого милдеттүү:

- **Көчө бойлору жана арыктар:**
  - Үйдүн тосмосунан (забор) тартып жолдун өтүүчү бөлүгүнө чейинки аймакты күн сайын таза кармоо;
  - Арыктарды, агын суу өтүүчү каналы бар жерлерди күл, таштанды жана курулуш калдыктарынан тазалап туруу.
- **Турмуш-тиричилик таштандылары:**
  - Таштандыларды атайын баштыктарга же челектерге топтоп, таштанды ташуучу транспорт графиги боюнча алып кетүүгө даярдоо;
  - Көчөгө, арыктарга же ачык талаага таштанды төгүүгө, өрттөөгө (айрыкча желим, дөңгөлөк, жалбырактарды) таптакыр жол берилбейт.
- **Үй жаныбарлары жана канаттуулар:**
  - Мал-жаныбарларды көчөгө кароосуз коё бербөө;
  - Мал короолордон чыккан кыкты (кык/тезек) көчө боюна топтобоо жана өз убагында ташып кетүү.
- **Курулуш материалдары жана техникалар:**
  - Курулуш материалдарын (кум, шагыл, кыш ж.б.) көчө боюнда сактоого болбойт
  - Иштебеген же бузулган автотранспортторду көчөгө узак мөөнөткө калтырууга.
- **Көчөлөргө:**
  - Көчөлөр муниципалдык менчик обьектиде тургандыктан, тазалыкты сактоо;
  - инфраструктураны жакшыртуу жана тургундардын ынтымагын арттыруу
  - Электр линиясы кеткен столбалар курчоого алынбашы жана акталып турушу, түнкү жарыктандыруунун абалы жана көчө көрнөктөрүнүн (аншлаг/үй номерлери) ирettүүлүгү;
  - Көчө бою кеткен суу арыктары таза, чөптөрү чабылып, сарпынды кир жууган суулар арыктарга, жолдорго төгүлбөшү;
  - Айыл аймагындагы чогулуштарга, иш чараларга активдүү катышуу;
  - Салык жана жыйымдарды өз убагында төлөө боюнча көрсөткүчтөр.

2-тиркеме
Оргочор жергиликтүү кеңештин 2026-жылдын 30-июлундагы №144 токтому менен бекитилген

**Оргочор айыл аймагынын айыл окмотунун «Мыкты айыл» наамдарын ыйгаруу жөнүнө**

**Ж О Б О**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо айыл аймагынын санитарлык абалын жакшыртуу, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу, калктын жашоо шартын жогорулатуу жана тургундардын жигердүүлүгүн жогорулатуу максатында иштелип чыккан.
1.2. Конкурс айылдык аймактагы бардык айылдар, көчөлөр жана мекеме-уюмдар арасында өткөрүлөт.
1.3. Конкурсту уюштуруу жана жыйынтыгын чыгаруу үчүн айыл өкмөт башчысынын буйругу менен жумушчу комиссия түзүлөт.

## 2. Санитарлык жана көрктөндүрүү талаптар

2.1. Айыл боюнча тазалыкты сактоодо төмөнкү багыттар боюнча милдеттүү талаптар коюлат:

- **Ички жолдор жана арык тармактары:**
  - Айылдын борбордук жана ички көчөлөрүнүн бою таштандылардан, иретсиз үйүлгөн шагыл-кумдардан таза болушу керек;
  - Арык тутумдары, каналдар жана сел өтүүчү арыктар (селеотвод) өз убагында тазаланып, суунун тоскоолдуксуз агуусу камсыз кылынууга тийиш;
- **Таштандыларды башкаруу:**
  - Айыл аймагында башаламан таштанды таштоочу жайлардын (стихийные свалки) пайда болушуна жол берилбейт;
  - Түркүн пластик, желим бөтөлкөлөрдү жана дөңгөлөктөрдү өрттөөгө тыюу салынат;
- **Коомдук жайлар жана социалдык объекттер:**
  - Мектеп, бала бакча, ФАП, мечит, сейил бак (парк) жана маданият үйлөрүнүн айлана-чөйрөсү курчалып, жашылдандырылып жана таза кармалуусу зарыл;
  - Коомдук даараткканалардын санитарлык-гигиеналык абалы талапка жооп бериши керек;
- **Экология жана жашылдандыруу:**
  - Жаз-күз мезгилдеринде массалык түрдө бак-дарактарды отургузуу жана аларды сугаруу тутумун уюштуруу;
  - Көчө бойлорундагы кууураган дарактарды өз убагында кыюу же бутоо;

3-тиркеме
Оргочор жергиликтүү кеңештин 2026-жылдын 30-июлундагы №144 токтому менен бекитилген

**Оргочор айыл аймагынын айыл окмотунун « Мыкты мекеме» наамын ыйгаруу жөнүндө**

**Ж О Б О**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо айыл аймагындагы мамлекеттик, муниципалдык жана менчик мекеме-уюмдардын (мектептер, бала бакчалар, маданият үйлөрү, жеке ишканалар, соода түйүндөрү ж.б.) санитарлык-гигиеналык абалын жогорулатуу максатында иштелип чыккан.

1.2. Мекеменин санитарлык абалы эмгекти коргоо, эмгекчилердин жана кайрылган жарандардын саламаттыгын сактоо, ошондой эле аймакты өнүктүрүү талаптарына ылайык келиши керек.

1.3. Баалоо айыл өкмөтүнүн атайын түзүлгөн жумушчу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

## 2. Санитарлык жана көрктөндүрүү талаптары

2.1. Ар бир мекеме же ишкана төмөнкү санитарлык милдеттенмелерди аткарууга тийиш:

- **Имараттын айланасын көрктөндүрүү жана тазалоо:**
  - Мекемеге бекитилип берилген жана ага чектеш аймакты (тоорукту, арыктарды, унаа токтотуучу жайды) дайыма таза кармоо;
  - Түнкү чырактардын иштеши, имараттын сырткы фасадынын, тосмолорунун жана маалымат такталарынын (вывеска) иреттүүлүгү;
- **Жашылдандыруу жана эстетика:**
  - Мекеменин короосуна бак-дарактарды, бадалдарды, гүлзарларды отургузуу жана сугаруу тутумун жөнгө салуу;
  - Куураган бактарды жана ашыкча бутактарды өз убагында бутоо.
  - Таштандыларды сорттоо жана чыгаруу;
  - Имараттын сыртында жана ичинде таштанды челектеринин (урналардын) жетиштүү болушу;
  - Курулуш жана тиричилик таштандыларын туура эмес жайларга топтобоо, өз убагында ташып кетүүнү уюштуруу;
- **Ички санитардык-гигиеналык абал:**
  - Иш бөлмөлөрүнүн, коридорлордун күнүмдүк нымдуу тазалануусу жана желдетилип турушу;
  - Санитардык түйүндөрдүн (даараткана, жуунучу жайлар) гигиеналык талаптарга жооп бериши (суунун, мыландын, антисептиктердин болушу, дезинфекциялоо);
- **Жылдык билим сапатына болгон көрсөткүчтөр:**
  - Республикалык, областык, райондук олимпиадаларда көрсөткөн көрсөткүчтөр (1-2-орун) жана конкурстарга активдүү катышуусу менен алган орундары боюнча (мугалим, окуучу)
  - Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы (эң жогорку балл)

**4-тиркеме**
**Оргочор жергиликтүү кеңештин 2026-жылдын 30-июлундагы №144 токтому менен бекитилген**

**«Мыкты айыл», «Мыкты көчө» жана «Мыкты мекеме» кароо-сынагы жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата аймактагы айылдарды, көчөлөрдү жана мекемелерди көрктөндүрүү, санитардык абалын жакшыртуу жана социалдык-экономикалык жигердүүлүгүн жогорулатуу максатында уюштурулган кароо-сынактын тартибин аныктайт.

## 2. Сынактын максаты жана милдеттери

- Аймактын эстетикалык жана санитардык-экологиялык абалын жакшыртуу;
- Жергиликтүү тургундарды тазалыкты жана ирээттүүлүктү сактоого тартуу;
- Мекеме-уюмдар ортосунда демилгелүүлүктү жана дени сак атаандаштыкты өнүктүрүү;
- Мыкты демилгелерди жана үлгүлүү жамааттарды моралдык жана материалдык жактан колдоо.

## 2. Баалоо критерийлери

- **«Мыкты айыл» номинациясы боюнча:**
  - Айылдын жалпы санитардык абалы, таштандылардын убагында тазаланышы, жашылдандыруу -көркөндүрүүсү;
  - Коомдук жайларды, арык тармактарын таза кармоо жана жашылдандыруу деңгээли;
  - Маданий жана социалдык иш-чаралардын активдүүлүгү;
  - Калктын коомдук иштерге жана ишембиликтерге катышуусу.
- **«Мыкты көчө» номинациясы боюнча:**
  - Көчөнүн тазалыгы, арыктардын чабылып, тазаланышы;
  - Түнкү жарыктандыруунун абалы жана көчө көрнөктөрүнүн (аншлаг/үй номерлери) ирееттүүлүгү;
  - Үйлөрдүн сырткы фасадынын, тосмолорунун карайгандыгы жана жашылдандыруу (бак-дарактар, гүлдөр);
  - Көчө тургундарынын ынтымагы жана биргелешкен демилгелери.
  - Салык жана жыйымдарды өз убагында төлөө боюнча көрсөткүчтөр.
- **«Мыкты мекеме» номинациясы боюнча:**
  - Мекеменин имаратынын сырткы жана ички санитардык абалы, фасадынын оңдолушу;
  - Мекемеге караштуу аймактын көрктөндүрүлүшү (жашыл майданчалар, гүлзарлар);
  - Мамлекеттик символикалардын стандартка ылайык жайгаштырылышы;
  - Иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү жана калкка кызмат көрсөтүүнүн сапаты;
  - Республикалык, областык, райондук олимпиадаларда көрсөткөн көрсөткүчтөр (1-2-орун) жана конкурстарга активдүү катышуусу менен алган орундары боюнча (мугалим, окуучу)
  - Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы (эң жогорку балл)

## 3. Сынакты өткөрүү тартиби жана жыйынтыктоо

4.1. Кароо-сынак 2026-жылдын 20-августунан баштап 22-августуна чейин өткөрүлөт.
4.2. Жеңүүчүлөр бекитилген атайын жумушчу комиссиянын жеринде текшерүүсүнүн жана упайлык баалоосунун жыйынтыгы менен аныкталат.
4.3. Сынактын жеңүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата өткөрүлүүчү майрамдык салтанатта сыйлыктар менен сыйланышат.